**М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин, Ош мамлекеттик университетинин жана Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин алдындагы биология илимдеринин (доктору) кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 06.23.663 диссертациялык кеңештин эксперти биология илимдеринин доктору, доцент Тажибаев Акынбектин 06.03.02-токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Мурзакулов Советбек Сыдыковичтин "Түркстан-Алай токой өстүрүү районундагы арча токойлорунун жана интродукцияланган дарактардын токой - экологиялык абалы" деген темадагы диссертациясына**

# КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Мурзакулов Советбек Сыдыкович тарабынын берилген **"Түркстан-Алай токой өстүрүү районундагы арча токойлорунун жана интродукцияланган дарактардын токой - экологиялык абалы"**деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**.

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Аткарылган жумушта **06.03.02-токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы** адистигинин паспортуна толук жооп берүүчү Кыргызстандын токойлорунун негизгилеринен болгон арча токойлорунун азыркы абалы, алардын табигый калыбына келүүсүнүн маселелери жана токойлорду калыбына келтирүүнүн проблемалары, боюнча изилдөө жүргүзүлгөн. Диссертациялык жумуштун негизги өзөгү **06.03.02-токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы** адистигинин паспортунун 1, 2, 4 - пункттарына толук жооп берет.

**Иштин максаты катары:** Түркстан-Алай токой өсүмдүк районунун шарттарында арча токойлорунун жана интродукцияланган дарак породаларынан түзүлгөн өсүмдүктөрүнүн өнүмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган токой-экологиялык иш-чараларды иштеп чыгуу болуп саналат.

**Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген**:

1. Түркестан-Алай районунун арча токойлорунун токой-экологиялык жактан баалоо, табигый жаңылануусун абалын, токойлордун калыбына келишин изилдөө жана жайыттын көчөттөргө жана өспүрүм арчаларга тийгизген таасири;
2. Түркстан-Алай токой өстүрүү районундагы арча токойлорун жасалма жандандыруу;
3. Түркестан-Алай токой өстүрүүчү районунун арча токой алкагындагы

интродукция шарттарында дарак породаларынын өсүү жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

Коюлган милдеттерге жетүүнүн этаптары такталган, обьектиси жана каражаттары катары Кыргыз-Ата улуттук жаратылыш паркынын арча жана интродукцияланган токойлору келтирилген, белгилүү бийиктик зоналары боюнча арча токойлоруна талдоо жүргүзүлгөн. Методдору ушундай багыттагы иликтөөнү жүргүзүшкөн мурдагы чет өлкөлүк жана өлкөдөгү иликтөөчүлөрдүн колдонгон ар тармактуу белгилүү методдоруна, жолдоруна таянган, ошого ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгү бар.

Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максаттарына жана милдеттерине ылайык келет. Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (тиешелүү методдорду колдонуу, лабораториялардын сертификаттарынын, шайкеш статистикалык иштеп чыгуулардын болушу) ар бир милдети боюнча ылайык келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Түркстан-Алай кырка тоосундагы арча токойлору негизинен жер астындагы суулар пайда болгон зонада жайгашкан жана сууну коргоочу, кыртышты сактоочу жана селге каршы өтө маанилүү ролду аткарышат. Арча токойлору көп жылдык интенсивдүү пайдалануу процессинде өтө сейрек кездешет, токой аянттары бул район боюнча гана эмес, бүткүл республика боюнча да кыскаруу тенденциясына ээ. Арча токойлорду текшерүүдө табигый жол менен калыбына келүү өтө аз жерлерди аныктады. Арча өсүмдүктөрүнүн табигый калыбына келиши олуттуу тынчсызданууну жаратат жана натыйжалуулуктун жетишсиздиги менен мүнөздөлөт, бул олуттуу аянттарда жасалма токойду калыбына келтирүү боюнча иштерди жүргүзүүнү талап кылат, ал өз кезегинде көп сандагы отургузуучу материалды талап кылат.

Арча токойлорунун жана сейрек токойлордогу антропогендик жүктөмүнө каршы экологиялык жактан коргоо функцияларын жогорулатуу үчүн, арча токой жана интродуценттерден өсүмдүктөрүн аларды реконструкциялоо боюнча түзүү иш-чаралардын комплекси зарыл. Жасалма токой өсүмдүктөрүн өстүрүү боюнча илимий жактан негизделген иш-чаралардын комплексин аткаруу токой өстүрүү өндүрүшүнүн бүткүл циклинин ичинде оптималдуу экологиялык шарттарды камсыз кылууда гана ийгиликтүү болушу мүмкүн. Бул илимий проблеманы чечүү арча токойлорунун жана сейрек токой тилкелеринде, ошондой эле республиканын бардык токой чарбасы үчүн абдан актуалдуу болуп саналат.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттагы маалыматтарды сындап талдоо жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу**: Бул багыттагы жумуштар аткарылган диссертацияда бир топ жогоку деңгээлде чечилген. Адабияттарды талдоого арналган 2-бапта арча токойлорунун абалын, антропогендик таасирден келип чыккан мүчүлүштүктөр, токойлорду калыбына келтирүү боюнча иш-чаралар тууралуу маалыматтар берилип, азыркы учурда арча токойлорунун табигый калыбына келүү процессинин проблемаларынын актуалдуулугун чечүүнүн жолдору ачылган. Жогоруда

айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий адабияттарды талдоо талапка жооп берет жана изилдөөчүгө кандай маселелерди чечүү абдан актуалдуу жана өз убактысында башталган деп айтууга негиздеме болот деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар.**

Иште **токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы** боюнча илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

- Түркстан-Алай токой өстүрүүчү районундагы арча токойлорунун азыркы абалына жана алардын түзүлүшүнүн, таралышынын жана жаңылануусунун экологиялык шарттарына баа берүү;
- Арчаларды түзүүнүн токой-маданий негиздери, арчаларды отургузуучу материалдарды жана токой өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн өзгөчөлүктөрү;
- Түркстан-Алай токой өстүрүү районунун арча токойлорунун тилкесинде интродуценттерден токой өсүмдүктөрүн түзүүнүн токой чарбалык-экологиялык өзгөчөлүктөрү.
- Квалификациялык белгилерге туура келет.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациянын практикалык баалуулугу токой чарба өндүрүшүн оптималдаштырууга иштелип чыккан сунуштарды пайдаланууда турат. Изилдөөлөрдүн натыйжалары Кыргызстандын арча токойлорун калыбына келтирүү боюнча илимий-методикалык негиз болуп саналат. Алынган жыйынтыктар жаратылышты коргоо иш-чараларына өндүрүшкө сунушталган. Иштелип чыккан сунуштар конвергенциянын жогорку деңгээлин көрсөткөн теориялык жана эксперименталдык иштердин материалдары менен ырасталды, бул аларды арча токойлорунун алкагынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен өндүрүштүк шарттарда ишенимдүү пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыздайт.

**Экономикалык маанилүүлүгү.** Диссертациянын экономикалык мааниси изилдөөнүн натыйжалары жана тыянактары мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана муниципалдык органдар тарабынан республиканын токой секторун өнүктүрүүнүн стратегияларын жана программаларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн экендигинде турат.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**6. Эскертүүлөр:**

Аткарылган диссертацияда бир топ олуттуу кемчиликтерге жол коюлган. Алар:

1. Жумуш грамматикалык текшерүүнү талап кылат.
2. Диссертациялык теманын актуалдуулугу да так ачылбаган. Диссертациянын ойлору чачкын, система жок, түшүнүксүз, бүтпөй калган сүйлөмдөр бар, тилдик мүчүлүштүктөр өтө көп.

3. Авторефераттын кыргыз тилиндеги вариантында да жогоруда диссертацияда көрсөтүлгөн кемчиликтер учурайт, тилдик, грамматикалык катаалар көп. Орус тилиндеги варианты салыштырмалуу сабаттуураак десе болот.

7. **Сунуштар:**

Аткарылган диссертация өтө терең, кылдат кайра карап чыгууну талап кылат. Тема актуалдуу болгону менен жасалгаланышы, илимий иштерди жыйынтыктоого коюлуучу талаптарга ылайык келтирүү керек.

8. **Сунуштамалар: Мурзакулов Советбек Сыдыковичтин "Түркстан-Алай токой өстүрүү районундагы арча токойлорунун жана интродукцияланган дарактардын токой - экологиялык абалы"** деген темадагы диссертациялык ишинен алынган материалдарды токой айыл чарбасын калыбына келтирүү боюнча токойчулук боюнча мекемелердин кызматкерлери колдоно алат.

Жетектөөчү уюмду дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү боюнча Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү уюм катары 06.03.02 - токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча Казань мамлекеттик агрардык университетинин, токой чарбасы жана экология факультетинин, токой чарбасы жана токой өсүмдүктөрү кафедрасын сунуштоого болот (420015, Казань ш., К. Маркс көч., 65). Биринчи расмий оппонент катары Россия Илимдер академиясынын федералдык изилдөө борборунун Уфа биология институтунун, Токой таануу лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери, биология илимдеринин доктору Уразгильдин Руслан Вилисовичти (автореферат боюнча шифры - 06.03.02) сунуштайм. Экинчи расмий оппонент катары изилдөөнүн проблемасына жакын: Казак улуттук агрардык изилдөө университетинин (Алматы ш.) токой ресурстары, аңчылык жана балык чарбасы кафедрасынын профессору айыл чарба илимдеринин доктору Кентбаев Ержан Жунусовичти сунуштайм. (адистиги 06.03.01 – Токой өсүмдүктөрү, селекция, үрөнчүлүк; 03.00.16 – Экология).

**9. Корутунду:**

Аткарылган жумуштун койгон маселелери актуалдуу, себеби, токой чарбалары, алардын азыркы абалдары, калыбына келтирүү проблемалары жана башка көпчүлүк көрсөткүчтөрү боюнча бир топ баалуу материал боло алат. Жумуштун максаты айкын, милдеттери так. Бирок жасалганышы, талапктарга жараша оңдоо керек.

Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Академик М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетине, Ош мамлекеттик университетине, Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетине караштуу Д 06.23.663 диссертациялык кеңешине **06.03.02-токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы** тармагы боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн С.С.Мурзакуловдун **"Түркстан-Алай токой өстүрүү районундагы арча токойлорунун жана интродукцияланган дарактардын токой - экологиялык**

**абалы”** деген темадагы диссертациясын көрсөтүлгөн грамматикалык, илимий кемчиликтерин ондоп кабыл алууга сунуш кылууга болот.

Д.06.23.663 диссертациялык кеңешинин
эксперти, биология илимдеринин доктору,
доцент Тажибаев А.

Эксперт А. Тажибаевдин кол тамгасын тастыктайм:
Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
биология илимдеринин кандидаты, доцент Тешебаева З.А.

17.05.2024-ж.